Илимий –Изилдөө медициналык- социалдык институтунун студенттеринин өндүрүштүк практикасын өткөрүү боюнча

**К Е Л И Ш И М**

Жалал-Абад шаары «15» X _________ 2018 ж.

Биз, төмөндөгү кол койгондор: Илимий–изилдөө медициналык-социалдык институтунун ректору, Нурдинов Ш.Ш. , мындан ары ИИМСИ нин Уставынын негизинде, ________________________________________________________________

**Ноокен ТБ** нын директору, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 5.08.2008-жыл №425 токтомуна ылайык «Окуу жана өндүрүштүк практикалар» жобосунун негизинде ИИМСИ де практикаларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү:

**1. « Ноокен ТБ » милдеттенет:**

1.1.ИИМСИ нин медициналык окуу жайынын өндүрүштүк практикаларын өткөрүү үчүн календардык планга ылайык өткөрүгө 100 орун берилет.

1.2. Студенттердин өндүрүштүк практикасын өткөрүүгө уруксат берүү;

1.3. Практиканын нормалдуу өтүшүнө шарт түзүү;

1.4. Медициналык окуу жайы менен илимий усулдук иштерди бирдикте аткаруу;

1.5. Илимий усулдук иштердин экспериментин жүргүзүүгө шарт түзүү;

1.6. Медициналык окуу жайы «**Ноокен ТБ**» нын бөлүмдөрүнө өндүрүштүк планын сунуштайт жана практикаларын жетектөө үчүн жогорку квалификациядагы адистер дайындалат

1.7. Медициналык окуу жайдын усулдук бирикмелеринин башчылары аркылуу алдынкы тажрыйбалуу медициналык адистерди практиканттарга насаатчы кылып бекитип берет;

1.8. Студент практика мезгилинде ишканада колдонулуучу жалпы эмгек мыйзамдары, эмгекти коргоонун эрежелери жана ички эмгек тартибинин сактоонун эрежелери менен тааныштырылат ;

1.9. Өндүрүштүк практиканын аягында ар бир студенттин аткарган жумушуна жана ал даярдаган күндөлүгүнүн сапатына мүнөздөмө берет.

**2. «ИИМСИ» милдеттенет:**

2.0. «**Ноокен ТБ**» өндүрүштүк практиканы өткөрүүнүн планын сунуштайт;

2.1. Практика жетекчисин дайындайт;

2.2. Мыйзам чегинде каралган, ИИМСИ нин нормативдик документтерине туура келген тартипте ишканадагы жетекчилеринин жана адистердин эмгек акыларын төлөйт;

2.3. Илимий усулдук конференцияларды биримдикте өткөрөт;

**3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1. Тараптар КР эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жооптуу;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан «ИИМСИ», экинчи тараптан «**Ноокен ТБ**» кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 2018 жылдан 2020 жылга чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлгөн, бири «ИИМСИ» де, экинчиси «**Ноокен ТБ**» да сакталат.

Юридикалык дареги: Илимий –Изилдөө медициналык- социалдык институтуну: 715607, Жалал-Абад шаары, Тоголок Молдо көчөсү №75 «Б».

| | |
|---|---|
| ИИМСИ нин ректору<br>Нурдинов Ш.Ш. | **Ноокен ТБ** нын директору |
| ____________________ | Досумбетова А ____________________ |
| «__» _________2018-ж. | «__» _________2018-ж |